КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУНУН
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

# ТЕСКЕМЕ

2024-жылдын “26” марты №73 Түп айылы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы № 305 «Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилинде тиричилик калдыктарын иштетүү жана натыйжалуу инфраструктураны түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 89-т экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга, “Жашыл мурас” улуттук кампаниясын ийгиликтүү өткөрүүгө, айлана-чөйрөнү жакшыртууга жана токойлорду азыркы жана келечек муундар үчүн сактоого, климаттын өзгөрүшүнүн терс кесепеттерин алдын алууга жана жашыл бак-дарактардын аянтын көбөйтүүгө багытталган жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 20-мартындагы №57 тескемесин аткаруу максатында:

1. Райондун калктуу конуштарынын социалдык инфраструктурасын, санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды жашылдандыруу, көрктөндүрүүгө карата 2024-жылдын 20-мартынан 20-июнуна чейин райондун баардык аймактарында үч айлык өткөрүлсүн.
2. Түп районунун калктуу конуштарын социалдык инфраструктурасын, санитардык абалын жакшыртуу, аймактарын жашылдандыруу, көрктөндүрүүгө карата үч айлыкты өткөрүү боюнча райондук штабдын курамы жана өткөрүлүүчү иш-чаралардын планы №1, №2 тиркемелерге ылайык бекитилсин.
3. Айыл аймак башчылары, ишкана, мекеме, уюмдардын жетекчилери:

- “Жашыл мурас” улуттук компаниясынын алкагында токой чарбасы тарабынан бекитилген ченемдерге ылайык бак-дарак породаларын жана бадалдардын көчөттөрүн отургузуу, сугаруу, коргоо жана кам көрүү, аларды сактоону жана өнүмдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча чараларды көрүшсүн;
- бак-дарак, бадал өсүмдүктөрүнүн көчөттөрүн отургузуу үчүн аянттарды талдоону жана токой массивдерин түзүүнү камсыз кылышсын;
- квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 10на чейин алардын өнүмдүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү үчүн раймамадминистрациясынын аппаратынын уюштуруу бөлүмүнө, бак-дарактардын породаларынын көчөттөрүн отургузуу калктуу конуштардын аймактарын көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча иш-чараларды өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө (отургузулган бурчтук чекиттерин координаттарын жана жооптуу адамдарды көрсөтүү менен) жалпыланган маалыматтарды берип турушсун;
- үч айлыктын алкагында калкты жана менчигинин түрүнө карабастан башка чарба жүргүзүүчү субьектилерди жана райондун тургундарын айлана-

чөйрөнүн көйгөйлөрүнө көңүл бөлдүрүп, ар бир жарандын айлана-чөйрөнү коргоого карата багытталган иштерди алып баруу менен, аларды кеңири катыштырууну камсыздап, ишембиликтерди жогорку деңгээлде уюштурушсун;

- курчап турган айлана-чөйрөнүн абалын жакшыртуу, көлдүн аймагында парк жана пляж тилкелерин, жол жээктерин, ички арык түйүндөрүн, айылдардын сугат аянттарын бириктирген каналдарды тазалоо, казуу жана калыбына келтирүү, көпүрөлөрдү оңдоо, токой капчыгайлардын таштандыларын тазалоо жана өз убагында чыгаруу жумуштарын алып барууну колго алышсын;

- менчигинин түрүнө карабастан ар бир эс алуу жайлары өздөрүнө таандык аянттардын айлана-чөйрөсүн тазалоо, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүүнү камсыз кылышсын;

- ар бир айылдык аймактарында мыйзамдаштырылган, санитардык-эпидемиологиялык талаптарга жооп берген таштандыларды төгүү үчүн атайын жайларды уюштурушсун жана таштандыларды өз убагында чыгарууну камсыздашсын;

- райондогу базарларды, соода түйүндөрүн санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге ылайык иштөөлөрүн, камсыздап ирээтке келтиришсин;

- баардык жалпы билим берүү уюмдарында “Бир окуучу - бир көчөт” жалпы республикалык акциясын уюштурууга көмөк көрсөтүшсүн;

- сел жүрүү коркунучу бар участокторго коргоочу бак-дарактарды отургузуу иштерин жүргүзүшсүн;

- райондун аймагындагы административдик имараттардын, башкы жана ведомстволук мекемелердин, турак-жайлардын сырткы келбеттерин (фасаддарын) ремонттоо, калыбына келтирүү жана айлана-тегерегин көрктөндүрүүнү камсыздашсын;

-борбордук автоунаа жолдорунун боюндагы кашааларды, тосмолорду жана дубалдарды талаптагыдай түргө келтиришсин;

-муниципалдык жолдорду оңдошсун;

-көчөлөргө түнкү жарыктандырууларды орнотушсун;

-борбордук автоунаа жол боюндагы белгилерди оңдоп, аларды бир типте жасалышын камсыздап, жаңыртышсын;

-райондун кире беришиндеги белгилерди, айылдык аймактардын аталыштары, коомдук жайлардагы, айыл жерлериндеги эскирген Кыргыз Республикасынын Желегин алмаштыруу, аялдамаларды, эстакадаларды, ажатканаларды оңдоо, калыбына келтирүү, көрнөк-жарнактарды жаңыртуу жана көрнөк-жарнактарда биринчи кезекте мамлекеттик тилде, андан кийин расмий тилде жазылыштарын көзөмөлгө алып аткарууну камсыздашсын;

4. Райондук токой чарба башкармалыгы (Т. Мамытов)

- айыл аймактарга жана мекеме уюмдарга бадалдардын көчөттөрүн бөлүштүрүү боюнча иштерди жүргүзүүнү колго алсын.

5. Айыл аймак башчылары:

- райондун аймагында калктуу конуштарды көрктөндөрүү, жашылдандыруу жана санитардык жактан тазалоо иш-чараларынын алкагында аткарылып жаткан иштер тууралуу маалыматтарды ар бир айдын жыйынтыгы боюнча жазуу түрүндөгү жалпыланган маалыматтарын ар бир айдын 5 числосуна карата берип турушсун;

-үч айлыктын алкагындагы жүргүзүлгөн иштердин жана №3 тиркеменин жалпыланган маалыматтарын 10-июнуна карата раймамадминистрациянын уюштуруу бөлүмүнө беришсин.

6. Раймамадминистрациянын уюштуруу бөлүмү үч айлыктын алкагындагы район боюнча аткарылган иштердин жалпыланган маалыматтарын Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын уюштуруу-инспектордук, кадр иштери жана мониторинг жүргүзүү бөлүмүнө берип турсун.

7. Үч айлыктын алкагында калктуу конуштардын санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды көрктөндүрүү, экологиялык абалын жакшыртууга көмөктөшүү боюнча райондук жумушчу топтордун курамы №4 тиркемеге ылайык бекитилсин. Жумушчу топтордун мүчөлөрү үч айлыктын жер-жерлерде өтүшүнө көмөктөшүп, аткарылып жаткан иштер тууралуу маалыматтарды жума сайын раймамадминистрациясынын уюштуруу бөлүмүнө берип турушсун.

8. Бул тескеме райондук “Каркыра” гезитине жарыялансын жана үч айлыктын жүрүшү массалык маалымат каражаттарында кенен чагылдырылып турсун.

9. Тескеменин аткарылышын көзөмөл кылуу жагын өзүмө калтырам.

**Башчы-аким** **К. Адиев**

Жиберилди: иш кагазына-1, райондук штабдын мүчөлөрүнө, райондук жумушчу топтун мүчөлөрүнө, айыл аймак башчыларына-13, мекеме уюмдарга тизме менен, ММК-1.

Раймамадминистрациянын
2024-жылдын
"26" март №73
тескемесине №1 тиркеме

**Райондук калктуу конуштарын**
**социалдык инфраструктурасын, санитардык**
**абалын жакшыртуу, аймактарды жашылдандыруу,**
**көрктөндүрүү боюнча үч айлыкты өткөрүү боюнча райондук штабдын**
**курамы**

| Ф.А.А. | Ээлеген кызматы |
|---|---|
| Р.Д. Сарымсаков | - раймамадминистрациянын биринчи орун басары, райондук штабдын жетекчиси; |
| Э.А.Дюшобаева | - раймамадминистрациянын орун басары, райондук штабдын жетекчисинин орун басары; |
| Р.И. Кусеинова | - раймамадминистрациянын аппарат жетекчиси, райондук штабдын жетекчисинин орун басары. |
| У.А.Асамбеков | - раймамадминистрациясынын уюштуруу бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, штабдын катчысы |
| **Штабдын мүчөлөрү:** | |
| Ж. Абдыкеримов | -раймамадминистрациянын экономика секторунун бөлүм башчысы; |
| К. Аденова | -раймамадминистрациянын уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу бөлүмүнүн башкы адиси; |
| Т. Бөлөкөва | -раймамадминистрациянын социалдык бөлүмүнүн башкы адиси; |
| К.И.Уметалиев | -райондук санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун башчысы; |
| | - райондук шаар курулушу жана архитектура боюнча башкармалыгынын башчысы; |
| С.М.Осмонов | -райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы; |
| С.Н.Абдылдаев | -райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы; |
| А. Аккулов | -ӨКМ райондогу башчысы; |
| Ы. Д. Исмаилов | -№4 жол тейлөө иш-канасынын башчысы; |
| М.Жумакадыров | -"Каркыра" гезитинин редактору; |
| Э.А.Дюшебаева | -Райондук финансы бөлүмүнүн башчысы |
| Б. Абдылдабеков | -Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгын башчысы |
| | -Баардык айыл аймак башчылары |

**Раймамадминистрациясынын**
**аппарат жетекчиси** **Р. Кусеинова**

**Раймамадминистрациянын**
**2024-жылдын**
**“26”март № 73**
**тескемесине №2 тиркеме**

## Райондун калктуу конуштарынын социалдык инфраструктурасын, санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды жашылдандыруу, көрктөндүрүү боюнча үч айлык өткөрүүгө карата иш-чаралардын планы

| № | Иш чаралардын аталыштары | Аткарууга жооптуулар | Мөөнөтү | Көзөмөл |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Райондун калктуу конуштарынын социалдык инфраструктурасын, санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды жашылдандыруу, көрктөндүрүүгө карата 2024-жылдын 20-мартынан 20-июнуна чейин райондун баардык аймактарында үч айлыкка даярдануу жана өткөрүү боюнча штабдардын, жумушчу топтордун курамдарын жана иш-чаралардын планын бекитүү менен тескемелерди кабыл алуу | Раймамадминистрациянын уюштуруу бөлүмү, айылдык аймактар, мекеме уюм жетекчилери. | 2024-жылдын 20-мартына чейин | Р. Кусеинова |
| 2. | Райондун калктуу конуштардын сырткы көрүнүшүн жакшыртуу, аймактарын көрктөндүрүүнүн, калктуу конуштарынын социалдык инфраструктурасын жана санитардык абалынын талаптагыдай деңгээлин кармоо максатында 2024-жылдын 20-мартынан 20-июнуна чейин райондун баардык аймактарында үч айлык жарыялоонун маанисин жыйындарда райондун жалпы коомчулугуна түшүндүрүү | Раймамадминистрациянын бөлүмдөрү, айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | иштерин жүргүзүү. | | | |
| 3. | 2024-жылдын 20-мартынан 20-июнуна чейинки аралыкта өтүүчү үч айлык жарыянын алкагында коомчулукту кенен тартуу менен санитардык тазалоо боюнча ишембиликтерди жогорку уюшкандыкта өткөрүү | Раймамадминистрациянын бөлүмдөрү, айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 4. | Райондун аймагында парк, скверлерди, гүл бакчаларды уюштуруу жана аларды кайтарууну, сугарууну камсыздоо | айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Дайыма | Райондук штаб |
| 5. | Калктуу конуштардын аймактарында дарактардын жана бадалдардын түрлөрүн отургузууга жарактуу жерлерди (массивдер түрүндөгүлөрдү) издөө иш-чараларын уюштуруу | айылдык аймактар | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 6. | Бак-дарактардын жана бадалдардын көчөттөрүн отургузуу, багуу, сугаруу жана кайтаруу иштерин алып баруу менен отургузулган көчөттөрдүн өнүмдүүлүгүн жана сапатын көзөмөлдөөнү камсыздоо | айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 7. | Райондун кире беришиндеги белгилерди, айылдык аймактардын, айылдардын аталыштарын, көрнөк-жарнактарды, стеллаларды, тосмолорду бир типке келтирүү менен аларды орнотуу. Көрнөк – жарнактарда биринчи кезекте мамлекеттик тилде, андан кийин расмий тилде жазылыштарын көзөмөлгө алып аткаруу | Айылдык аймактар, райондук архитектура башкармалыгы. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 8. | Борбордук автоунаа жолдорунун боюндагы түнкү жарыктандырууларды орнотуу, айылдын борбордук көчөлөрдөгү жолдун жээгиндеги малдардын кыктарын, кум, топурактарды жана чарбалык акыр чикирлерин чыгаруу | Райондук жол тейлөө ишканасы, Айылдык аймактар | Дайыма | Райондук штаб |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9. | Борбордук автоунаа жолдорунун боюндагы белгилерди оңдоо, аларды бир типте жасалышын камсыздап, жаңыртуу | айылдык аймактар, райондук жол тейлөө ишканасы | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 10. | Райондун аймагындагы административдик имараттардын, башкы жана ведомстволук мекемелердин, турак жай үйлөрүнүн сырткы келбеттерин (фасаддарын), ремонттоо, калыбына келтирүү, айлана-тегерегин көрктөндүрүү | Раймамадминистрациянын бөлүмдөрү, айыл аймактар, райондук архитектура башкармалыгы | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 11. | Электр чубалгылары өтүүчү жерлерге бак-дарактардын көчөттөрүн отургузбоону көзөмөлгө алуу | Айылдык аймактар, РЭТ | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 12. | Коомдук жайлардагы, айыл жерлериндеги эскирген Кыргыз Республикасынын Желегин дайыма көзөмөлгө алып, алмаштырып туруу | айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Дайыма | Райондук штаб |
| 13. | Ар бир айылдык аймактарында мыйзамдаштырылган, санитардык-эпидемиологиялык талаптарга жооп берген таштандыларды төгүү үчүн атайын жайларды уюштуруу, таштандыларды өз убагында чыгаруу | айылдык аймактар | Дайыма | Райондук штаб |
| 14. | Калктуу конуштардагы жолдорду, тротуарларды, кашааларды, көпүрөлөрдү, аялдамаларды, эстакадаларды, ажатканаларды ремонттоо, калыбына келтирүү, айлана-тегерегин ирээтке келтирүү | айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 15. | Жол жээктериндеги, калктуу конуштардагы бак-дарактарды тегиздөө, аларды бир өңдө актоо, өскөн куурайларды, бак-дарактардын дүмүрлөрүн алууну камсыздоо | айылдык аймактар, мекеме уюмдар. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 16. | Борбордук автоунаа жолдорунун боюндагы, | айылдык аймактар, райондук | Үч | Райондук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жайлоолордогу, эс алуу жайларынын айлана-тегерегиндеги жана пляждык тилкелердеги боз үйлөрдүн санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге, архитектуралык талаптарга ылайык эстетикалык көрк берүү менен тигилиштерин камсыздоо | архитектура, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборлору | айлыктын ичинде | штаб |
| 17. | Райондун аймагындагы кокту-сайларды, тоо капчыгайларын жана көл жээктерин тазалоо | айылдык аймактар, райондук мекеме уюмдар. | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 18. | Менчигинин түрүнө карабастан ар бир эс алуу жайлары, пансионаттар өздөрүнө таандык пляждык аянттарды, айлана-чөйрөсүн тазалоо, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүү | айылдык аймактар, курорттук эс алуу жайлары | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 19 | Айылдын ички суугат каналдарын, арыктарын тазалоо жана үйлөрдүн сыртын актоо иштерин жүргүзүү | айылдык аймактар | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 20. | 2024-жылдын 20-мартынан 20-июнуна чейинки аралыкта өтүүчү үч айлыкта даярдануунун жана өткөрүүнүн жүрүшүн массалык маалымат каражаттарында кенен чагылдыруу | Айыл аймактар, райондук “Каркыра” гезити | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |
| 21. | 2024-жылдын 20-мартынан 20-июнуна чейинки аралыкта өтүүчү үч айлыктын алкагындагы аткарылып жаткан иштер тууралуу маалыматтарды раймамадминистрациясынын аппаратына жиберип туруу | Айыл аймак башчылары, мекеме уюм жетекчилер | Үч айлыктын ичинде | Райондук штаб |

**Раймамадминистрациясынын**
**аппарат жетекчиси** **Р. Кусеинова**

Раймамадминистрациянын
2024-жылдын
“26”март №73
тескемесине №3 тиркеме

**Райондун калктуу конуштарынын социалдык инфраструктурасын, санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды көрктөндүрүү, экологиялык абалын жакшыртуу, бак дарактардын аянттарын көбөйтүү боюнча үч айлык өткөрүү жөнүндө маалымат**

| № | Иш чаралардын аталышы | Айыл аймактар боюнча | Район боюнча |
|---|---|---|---|
| 1. | Ишембиликке катышкан уюмдардын, жамааттардын саны | | |
| 2. | Катышкан адамдардын саны | | |
| 3. | Парктар, скверлер, бакчалар жасалды | | |
| 4. | Көчөлөргө түнкү жарыктандырууну орнотуу (км) | | |
| 5. | Бак тигүү, бардыгы, анын ичинде ийне жалбырактуулар (даана) | | |
| 6. | Ички жолдор жана тротуарларын оңдоо (м) | | |
| 7. | Имараттардын фасаддары оңдоо | | |
| 8. | Санитардык тазалоо, таштандыларды чыгаруу (тонна) | | |
| 9. | Арыктарды тазалоо (км) | | |
| 10. | Башка иштердин түрлөрү | | |
| 11. | Аткарылган иштердин болжолдуу наркы (миң. сом) | | |
| 12. | | | |

Раймамадминистрациясынын
аппарат жетекчиси Р. Кусеинова

Раймамадминистрациянын
2024-жылдын
“26”март №73
тескемесине №4 тиркеме

## Калктуу конуштардын санитардык абалын жакшыртуу, аймактарды көрктөндүрүү, экологиялык абалын жакшыртууга көмөктөшүү боюнча райондук жумушчу топтордун курамы

| № | Айылдык аймак | Жооптуу адамдар |
|---|---|---|
| | **Түп району боюнча:** | |
| 1. | Балбай айылдык аймагы | Б.Т.Алымканов-райондук салык кызматынын башчысы.<br>Б. Айбалиев – райондук социалдык фонд башкармалыгынын башчысы |
| 2. | Түп айылдык аймагы | А. Урбеков - райондук архитектура жана шаар курулуш башкармалыгынын башчысы<br>Т. Кендирбаев- КАДАСТР мекемесинин райондук филиалынын башчысы, |
| 3 | Каркыра айылдык аймагы | Т. Сабатаров (телеком)<br>К. Абдрасулов.-РЭТ жетекчиси. |
| 4. | Карасаев айылдык аймагы | А. Рымбеков-райондук социалдык коргоо башкармалыгынын орун басары<br>М.Азаев-райондук ветеринардык башкармалыгынын башчысы |
| 5. | Ысык-Көл айылдык аймагы | С.Н.Абдылдаев.-райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы,<br>Т. Мамытов -райондук токой чарбанын жетекчисинин у.м.а. |

**Раймамадминистрациясынын аппарат жетекчиси** **Р. Кусеинова**